«Бекитемин»
Кыргыз Республикасынын
Президентинин Баткен облусундагы
ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун
басары ________________Ж.М.Исаков
«_9_»_____01__________2025-ж

**Илим-изилдөө, илимий-техникалык, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү актысы**

**АКТ**

1. **Өндүрүшкө киргизүүчү автор -** Даовлатова Феруза Муктаровна

2. **Илим-изилдөө, илимий-техникалык жана (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин аталышы:**

Түштүк Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы.

**3. Кыскача аннотация:** Түштүк-Батыш Кыргызстандын аймагындагы башка тилдерден кирген жер–суу аталыштарын жана айрым географиялык обьектилердин аталыштарды илимий изилдөө менен этимологиясын чечмелөө болуп саналат. Изилденген топонимдердин табигый-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Аймактагы табигый географиялык өзгөчөлүгү бар топонимдердин этимологиялык жана экономикалык социалдык, рекреациялык жактан талдоо.

4. **Өндүрүшкө киргизүүнүн эффектиси**: изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр ишке ашырылды:

- Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык анализ жүргүзүлдү;
- Аталыштар кайсы мезгилден бери аталып келгендигине илимий талдоо жүргүзүлдү;
- Топонимикалык аталыштардын өзгөрүп кетүү себептери көрсөтүлдү;
- Изилдөөлөрдүн натыйжасында географиялык обьектилердин аттары изилденип кайсы тилден киргендиги жазылды;
- Антротопонимдерди же адам аттарын берүү үчүн, атайын жергиликтүү башкаруу органдарынын айыл өкмөтү, шаар башкармалыгы жана мэрияларда комиссия бекитилип аталыштарды берүү сунуштары каралды;
- Топонимикалык аталыштарды орто, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутулуучу география, тарых, адабият китептерине киргизүү сунушталды;
- ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталар түзүлдү;
- Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**5. Өндүрүшкө киргизген жери жана мезгили:** «Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун айрым айыл аймактарын жана айылдарын кайра атоо жөнүндө» мааниси түшүнүксүз болгон географиялык аталыштарды, башка тилден кирген бир катар жерлердин атын өзгөртүү каралган. Бул мыйзам мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан иштелип чыгып, Жогорку Кеңеш тарабынан 2022-жылдын 20-октябрында кабыл алынган. Бул кабыл алынган «документтин максаты - айыл аймактарына жана айылдарга мурдагы жана азыркы учурда кеңири белгилүү болгон, учурда жашоочулар тарабынан колдонулуп келген, мамлекеттик, тарыхый жана улуттук кызыкчылыктарды эске алуу менен, аталыштарды кайтарып берүү болуп саналат». Айыл аймактарынын жана айылдардын тургундарынын жыйынынын протоколдук чечими кабыл алынып айылдык кенешке сунушталып, тиешелүү айылдык кеңештердин чечимдери, райондук мамлекеттик администрациялардын жана Кыргыз Республикасынын Президенттин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн чечимдери менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген.

**6. Өндүрүшкө киргизүүнүн формасы:** Изилдөөнүн натыйжаларында Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктеринин жергиликтүү бийлик органдары тарабынан бекитилген калктуу конуштардын тизмелерине, тарыхый жана архивдик материалдарга, административдик райондордо жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнө жана жергиликтүү инфарматорлор, илимий кызматкерлер менен болгон маектерге негизделди.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин**
**Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн**
**Социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы** **К.К.Тагаева**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин**
**Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн**
**Эл аралык кызматташтык, инвестициялар**
**жана туризм бөлүмүнүн башчысы** **А.К.Адылбеков**

**БатМУнун М.М.Тайиров атындагы**
**Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык**
**институтунун окуу жана илимий иштер**
**боюнча директордун орун басары, б.и.к., доценттин м.а.** **А.А. Абдибайитова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

тастыктаймын